**УДК 378: 37. 031**

# КЫРГЫЗ ЭЛ ЖОМОКТОРУН КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУДА ПАЙДАЛАНУУ

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент К.Б.Миңбаева**

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ СКАЗОК В ОРГАНИЗАЦИИ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ

**Кандидат педагогических наук, доцент К.Б.Миңбаевой**

# THE USE OF KYRGYZ FOLK TALES IN THE ORGANIZATION OF EXTRACURRICULAR ACTIVITIES

***Ph.D., Associate Professor Minbaeva K.B.***

**Аннотация:** Сабак берүү бир гана теориялык билимди берүү менен гана чектелбейт. Анын жеткиликтүү болуусу үчүн мугалимге чыгармачыл иштерди алып баруу талабы коюлган. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу окуучунун окууга, предметке болгон кызыгуусун ойготуп, сабакка чыгармачыл, илимий көз караш менен мамиле жасоосуна түрткү берет. Бул макалада кыргыз эл жомокторунун класстан тышкаркы иштерди уюштуруудагы мааниси талдоого алынат. Жомоктор окуучулардын эстетикалык табитин калыптандырып, адеп-ахлактык баалуулуктарды өздөштүрүүсүндө маанилүү каражат катары колдонулат.

Макалада жомокторду ар кандай методикалык ыкмалар менен колдонуу, окуучулардын кызыгуусун арттыруунун жолдору жана аларды трабиялоо процесси менен жуурулуштуруп колдонуу тууралуу сунуштар берилет.

Кыргыз эл жомоктору класстан тышкаркы иштерде гана эмес, жалпы билим берүү процессинде да натыйжалуу пайдаланууга боло тургандыгы белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** жомок, тарбия, ийрим, конференция, аймак таануу, окуучу, моралдык-этикалык сапат, патриотизм.

**Аннотация:** Преподавание не ограничивается предоставлением только теоретических знаний. Чтобы сделать его доступным, учитель должен выполнять творческую работу. Организация внеклассных мероприятий может пробудить у ученика интерес к учебе, предмету и побудить его подойти к уроку с творческой, научной точки зрения. В данной статье анализируется значение кыргызских народных сказок в организации внеклассной работы. Сказки используются как важный инструмент в формировании эстетического вкуса учащихся и усвоении ими моральных ценностей. В статье даются рекомендации по использованию сказок с помощью различных методических приемов, способов заинтересовать учащихся и использовать их в сочетании с процессом обучения. Отмечается, что кыргызские народные сказки можно эффективно использовать не только во внеклассной работе, но и в общем образовательном процессе.

**Ключевые слова:** сказка, воспитание, кружок, конференция, краеведение, ученичество, морально-этические качества, патриотизм.

**Annotation:** Teaching is not limited to providing only theoretical knowledge. To make it accessible, the teacher must do creative work. Organizing extracurricular activities can arouse a student's interest in learning, the subject, and encourage them to approach the lesson from a creative, scientific point of view.

This article analyzes the importance of Kyrgyz folk tales in the organization of extracurricular activities. Fairy tales are used as an important tool in shaping the aesthetic taste of students and their assimilation of moral values. The article provides recommendations on the use of fairy tales using various methodological techniques, ways to interest students and use them in combination with the learning process.

It is noted that Kyrgyz folk tales can be effectively used not only in extracurricular activities, but also in the general educational process.

**Key words:** fairy tale, upbringing, circle, conference, local history, apprenticeship, moral and ethical qualities, patriotism.

Мектептеги окуу-тарбиялоо ишинде башкы роль предметтик сабактарга таандык. Ал эми ушул процессте жолго коюлган класстан сырткары иштердин да мааниси чон, анткени билим жана сапаттуу тарбия берүүдөгү ийгиликтер жалгыз сабактар аркылуу гана пайда болбостон, тиешелүү даражада класстан сырткаркы иштерди уюштуруу менен да байланышта.

Класстан тышкары иштерди өткөрүүдө мугалим башкы жетекчи жана иштин туура аткарылышына багыт берүүчү болуп эсептелет. Ошону менен бирге окуучулар өздөрүнүн активдүүлүгүн, демилгелүүлүгүн, чыгармачылык талаптын жана ар кандай ишти өз алдынча иштей алуу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө милдеттүү. Бул үчүн мугалим ар кандай ишти бала өз аракети менен аткаргандай кылып, алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу ылайыктап бөлүштүрсө талапка туура келет.

Класстан сырткары иштерди жүргүзүүнү сабакта өтүлгөндөрдү кайталоонун бир түрү катарында эсептөөгө болбойт. Мындагы негизги максат окуучулардын мурдагы түшүнүктөрүн тереңдетүү жана ошол түшүнүктөр аркылуу аларды адеп-ахлактык, мекенчилдик принциптерине тарбиялоо болуп саналат. Бул проблеманы туура түшүнгөн мугалим окуучулардын арасында класстан сырткары таалим-тарбиялык иштерди алардын жаш өзгөчөлүгүнө жана билим деңгээлине ылайыктап уюштуруп, олуттуу ийгиликтерди камсыз кылууга жетише алат [1].

Класстан жана мектептен сырткары убактарда аткарылуучу иштердин түрлөрү эң эле көп, алардын формасы жана милдети ар түрдүү. Ошондой болсо да алардын негизги идеясы жаш өспүрүмдөрдүн аң-сезимин өстүрүү, алардын жүрүш-турушунда моралдык-этикалык сапаттарды өнүктүрүү болуп саналат. Демек, мектептердин жетекчилеринин жана мугалимдеринин башкы милдеттеринин бири – бардык класстар боюнча окуучулардын класстан тышкаркы иштерин туура уюштуруу. Мындай учурда мектептеги окуу-тарбия иштеринин сапаты жогорулай тургандыгына талашсыз.

Мектеп окуучуларын жогорку аң-сезимдүүлүккө тарбиялоодо элибиздин азыркы жазуучуларынын чыгармалары менен катар жөө жомоктордун да ролу зор. Ошондуктан биз кыргыз эл жөө жомокторун класстан жана мектептен сырткары убактарда пайдалануунун кээ бир өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Китеп – тарбиянын эң негизги бөлүгүнүн бири катары дайыма бала менен бирге болсо, жомок баланын сонун досу, өмүрүнүн биринчи мезгилиндеги кубаныч толкунунун башкысы катары баалуу. Баланын кичине кезинен тартып дүйнөнү түшүнүүсү, акылынын, эске сактоосунун, бардык адамдык сапатынын өсүшү китеп окуудан келип чыкса, жомоктордогу каармандар менен бирге бала көз көргүс жерлердеги өлкөлөргө «саякат жасап, алардын жаратылышы менен таанышат, элдердин турмушу, ой-пикири жана санаасы жөнүндө билет. Жомок баланын акыл-эсин жана кыялдануусун өркүндөтөт.

Жазма илим-билими, тарбиясы болбогон байыркы биздин ата-бабаларыбыз жомокту өз ата-энелеринен же айыл аксакалдарынан угуу менен чектелишкен болсо, азыркы биздин балдар ар түрдүү өлкөлөрдүн, ошондой эле дүйнөлүк адабияттын алтын фондусуна кирген орус жана чет өлкөлүк жазуучулары: А.С.Пушкиндин, Х.К. Андерсендин, бир тууган Гриммдердин, С.Маршактын, Ш. Перронун, М. Горькийдин, А. Толстойдун, А. Гайдардын, Джанни Родаринин, П.П.Ершовдун жана башкалардын жомокторун окуп чыгып, өздөрү да жомок жаратууга жетишкен [6].

Класстан жана мектептен сырткары убактарда жөө жомоктордун үлгүлөрүн пайдалануу көркөм чыгармалар жасалган мамиледей бирдей эле даражада жүргүзүлүшү маанилүү. Андыктан өтүлгөн материалдарды окуучулардын өздөштүрүшүн камсыз кылууда мугалим негизги материалдар менен бирдей эле жөө жомоктор боюнча төмөндөгүнү аткарууну сунуш кылса болот.

1. Мектеп практикасында кеңири колдонулуп келе жаткан жана пайдаланылбай келе жаткан адабий чыгармалар боюнча каталог түзүү. Бул жөө жомокторго да тийиштүү.

2. Газета-журналдарга жарыяланган жаңы жомоктор тууралуу окуучуларга маалымат берүүнү салтка айландыруу;

3. Мектеп китепканасында “оозеки чыгармалар” бурчун уюштуруу жана анын айрымдарын негизги адабий китептер менен бирдикте көргөзмөгө коюу;

4. Мектепте жомок кабинетин түзүү, эгер мектепте аны түзүүгө шарт жок болсо, жомок бурчун уюштуруу;

Жомок каанасынын милдети ага бекитилген жетекчи мугалим аркылуу башка предметтик кабинеттер сыяктуу эле оозеки чыгармалар боюнча класста жана класстан сырткары аткарылуучу иштерди алып баруу.

Эгер кабинетке атайы бөлмө болбосо, башталгыч класстардын бирин чектеп койсо да болот. Мында жомок бурчу уюштурулат.

Мектепте жомок бурчун кандай тартипте уюштуруу керек? Мына ушу маселеге бир аз токтоло өтөлү. Бөлүнгөн башталгыч класстын бир бурчуна стол жана шкаф коюлат. Столдун үстүнө ар бир класстын элдик жомоктордун үлгүлөрү боюнча түзүлгөн жомоктордун кээ бир эпизоддору боюнча таланттуу окуучулардын тарткан сүрөттөрү жана ошол сүрөттөргө жүргүзүлгөн конкурстун жыйынтыгы жазылуучу альбом коюлат.

Ал эми шкафта элдик жомокторго карата берген акылман адамдардын бааларын, жомоктордун таалим-тарбиялык идеясы тууралуу жазылган макалалар, элдик педагогиканын мааниси тууралуу методикалык көрсөтмөлөр жана оозеки чыгармалардын басылып чыккан үлгүлөрү сакталат. Жакшы жетекчиликте билимдүүлүк менен иштеген жомок бурчу айрым мектептерде жомок кабинетние өтүүгө шарт түзөт.

Жомок бурчунун негизинде биз өзүбүз болгон мектептерде жомоктор боюнча класстан тышкары төмөндөгүдөй иштерди уюштурууну сунуш кылдык:

1. «Жомок-элдик таалим тарбиянын булагы» деген темада көргөзмө уюштуруу. Мында окуучулар өздөрү тандап алган жомогундагы сүйгөн каарманы боюнча өз ойлору жазылуучу бюллетендерди жасашып, аны ошол жомоктун идеясына байланыштуу өзү тарткан сүрөтү менен бирге көргөзмөгө коюшат. Айрым каалоочу окуучулар макал-лакаптар, легендарлар сыяктуу фольклордун башка жанрлары боюнча бирөөнү тандап алып, ага карата көргөзмөгө коюлуучу өз ойлору жазылган бюллетендерди жасашса болот.

2. Жогорку аталган темага карата атайын чогулуштарды өткөрүп, анда элдик казынаны жыйноочу жомокчулар уюмун түзүү керек. Мындай иш окуу жылынын башында мугалимдердин жетекчилиги менен аткарылууга тийиш. Элдик казынаны жыйноого киришүүдөн мурда аны эл кандай сактап, барктап келген жана анын бүгүнкү келечек муунду мекенчилдик духта тарбиялоодо кандай мааниси бар?,-деген суроо боюнча мектеп мугалимдеринин жана жогорку класстын окуучуларынын атайы доклад, лекция жасашы өтө пайдалуу. Элдик казынаны жыйноо үчүн төмөндөгүдөй ыкмаларды сунуш кылабыз:

а) IV-X класстар боюнча класстан жана мектептен сырткары убактарда 3-5 күндүк мөөнөт менен окуучуларга өз ата-энелеринен элдик оозеки чыгармаларды жазып келүүгө тапшырма берип. аны дилбаян катары кабыл алуу;

б) Жомокчулар уюмунун мүчөлөрүн эл арасындагы жомокторду, улуу сөздөрдү көп билген жомокчу карыялардан атайы чогулттуруу. Чогултулган материалдар адабият мугалимдери тарабынан окулуп чыгып, тийиштүү баалар коюлат да, жарактуулары жомок бурчуна өткөрүлүп берилет. Бул иш үчүн атайы дептер уюштурулуп, анда ар бир баланын фамилиясы жана аты, классы, адреси, жыйнаган материалдары жана аны кимден жазып алганы тууралуу маалыматтар берилет.

3. Класстан сырткары окуу ишин жакшыртуу максатында ар бир класс жомок бурчун түзүү пайдалуу. Мында окуучулар өздөрү окуган же бирөөдөн уккан жөө жомокторундагы кээ бир кооз пейзаждарды, акылман учкул сөздөрдү, кыялдануунун реалдуулугун сүрөттөгөн айрым эпизоддорду өзүнчө карточкага көчүрүп жазып, сүрөттөрүн тартышып, аларды ырааты менен альбомго жайгаштырат. Бул проблеманын талаптагыдай аткарылышы үчүн адабият жана сүрөт мугалимдеринин жардамы талап кылынат;

4. Класстан сырткары убактарда, жомоктор боюнча окуучуларга атайы доклад берип, аны окуучулар конференциясында жасатуу да пайдалуу. Мындай конференцияга окуучулардын ата-энелери, улуу сөздөрдү көп билген жомокчу-карыялар, акын жазуучулар

чакырылат. Алар балдардын жасаган докладдары боюнча өз ой-пикирлерин бөлүшүп, пайдалуу кеңештерин айтышат. Ушундай шартта өткөрүлгөн окуу конференциясынын класстык окуу менен тыгыз байланышта болушу жаш өспүрүмдөрдүн билим деңгээлин, акыл-ой байлыгын кеңейтүүнүн булагы боло алат [2].

Мектеп практикасында кеңири пайдаланып келе жаткан класстан жана мектептен сырткары иштердин бири предметтик ийримдер болуп саналат. Ийримдин негизги максаты — окуучулардын ар кандай иштерге өз алдынча аракеттенүүсүн өстүрүүгө жана сабакта алган билимдерин иш практикасында канчалык деңгээлде пайдалана ала тургандыгын баалоого жана бул аракеттерин, жөндөмдүүлүктөрүн дагы өркүндөтүүгө багытталат.

Класстан сырткары убактарда эң эле кеп ийримдердин иштерин билебиз. Алсак, ыр-хор, драмалык, аймак таануу, көркөм окуу сыяктуу ийримдерде окуучулар негизги предметтик материалдар менен жөө жомоктордогу элдик таалим-тарбиялык үлгүлөрдү байланыштырууга жетише алышса, жомоктун жандуу, ачык образдары баланын сезимине терең таасир тийгизет.

Ийримде таалим-тарбиялык идеясы жогору турган кээ бир жөө жомокторду же учкул сөздөрдү ролдор боюнча окуучулардын аткарып бериши, же оозеки чыгармалардын айрым үлгүлөрү боюнча бир канча жеңил суроолордун мугалимдер тарабынан берилиши окуучулардын эске сактоосун, көңүл буруусун өстүрүп, берилген милдеттүү тапшырмаларга ойлонуп олуттуу мамиле кылуусуна алып келет.

Советтик улуу педагог В. А. Сухомлинский өзү иштеген мектепте окуучулардын күчү менен эң эле көп жөө жомокторду жаратууга жетишкен. Жомокту окуучулар жалаң эле көркөм адабий китептерден же бирөөдөн угуу менен чектелип калбастан, өздөрү ойлоп жомок жаратууга тийиш экендиги тууралуу ал бир нече жолу эскерген.

Класстан жана мектептен сырткары убактарда В. А. Сухомлинский өзү жетекчилик кылган уюмдун мүчөлөрүнө «Урок мышления природы» деген темада атайы сабак өткөргөн. Ал балдарды жаратылыштын ар түрдүү кубулуштары менен тааныштырып, бул аркылуу алардын ойлоп чыгаруучу фантазиясынын жана кыялдануусунун өсүшүнө багыт берген [6].

Класстан жана мектептен сырткары убактарда өткөрүлүүчү ийримдерде өтүлгөн сабакты кайталоо үчүн пайдалануу талапка туура келбейт. Ал окуучулардын ийримге болгон кызыгууларын басаңдатып коюшу, б. а. окуучулар ийримдин пассивдүү угуучуларынан гана болуп калышы мүмкүн.

Ошондуктан мектеп жетекчилери класстан жана мектептен сырткары убактарда аткарылуучу жумуштар боюнча мугалимдердин жоопкерчилигин арттырууга багытталган иш чараларын иштеп чыгып, алардын аткарылышына жандуу көзөмөл кылуусу зарыл.

**Адабияттар:**

1.Абдухамидова Б., Токтомаметов А., Баимбетова Н. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт. - Б.: 2015. 2. Акматов К., Абдыманап к А. Класс жетекчинин китеби - Б.: 2017.
3. Башталгыч класстардын программасы. - Б.: 2016.
4. Козуева А. Сабак берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу. - Ф.: 1979.
5. Осекова Т.К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен класстан тышкаркы иштерди уюштуруу // Известия ОшТУ, №1. – 2018.
6. Ярошевская И.Х. Новые формы и методы работы с детьми во внеурочное время // Дополнительное образование и воспитание, №9. - 2012.